# РОЛЬ МОЛОДЕЖИ В УСТОЙЧИВОМ РАЗВИТИИ ГОСУДАРСТВА

*УДК: 374.32*

**Бактыгулова А.Б.,**
**И. Арабаев атындагы КМУ, аспирант**

## Жаштар – коомдогу демилгечи күч

*Бул макалада "жаштар коомдо ким?", – дегенсуроого социалдык жактан жооп изделип, жаштардын бүгүнкү коомдогу абалы, алардын тийгизген таасири жана коомдогу ээлеген орду жана алардын ролу жөнүндө айтылат. Макаланын максаты жаштардын коомдогу ордун баса көрсөтүү менен алардын коомдогу активдүүлгүн жана жоопкерчилигин жогорулатуу болуп саналат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *жаштар, коом, социалдык, жаш курак, келечек, тарбия.*

*В этой статье дается социальный анализ к вопросу "кто такой молодеж в обществе?". И идет речь о их роли и место в обществе и их влияние к обществу. Цель этой статьи заключается в том что подчеркнув роль и место молодежа в обществе, поднять ответственность и активность молодежа.*

***Ключевые слова:*** *молодежи, общество, социология, возраст, будущее, воспитание.*

Жаштар маселесин чечүүдө, алгач жаштар деген кимдер, алардын коомдогу башка топтордон айырмасы эмнеде экендигин билүү зарыл.

Жаштар түшүнүгүнө алардын жаш курак өзгөчөлүгүнө, өз адынча топко бөлүүдөгү аныктама берүүдө окумуштуулар арасындагы талаш-тартыштар узун тарыхка ээ.

Окумуштуулар бул багытта изилдөөнү ар тараптан, социалдык, психологиялык, демографиялык, физиологиялык көз караште ошондой эле тигил же бул илимий мектептерде калыптанган классификациялык көз караште карап келишет. Мунун ичинде идеологиялык факторлор дагы чоң ролду ойнойт. Мунун себеби жаштар саясий күрөштүн ортосунда болгондугунда.

Жаштарга берилген аныктамалардын эң алгачкысы 1968-жылы В.Т. Лисовский тарабынан берилген. Ал: "Жаштар социалдашуу тепкичине өтүп жаткан, билимге, маданиятка, кесипке үйрөнчүк, башкача айтканда социалдык функцияларды өздөштүрүүдөгү үйрөнчүк, 16-30 жаш курагындагы адам баласы. Конкреттүү тарыхый шартта жаштардын жаш курагына болгон сын көз караштар өзгөрүшү мүмкүн", – дейт [1]. Кийинчерээк И.С.Кон тарабынан дагы толугураак аныктама берилген. Анда: "Жаштар – социалдык-демографиялык топ, жаш курак мүнөздөмөсүнүн жыйындысынын негизинде өзгөчөлөнгөн,тигил же бул шартта социалдык-психологиялык сапатына негизделген коомдо орду бар социалдык топ. Жаштык – бул анык фаза. Биологиялык жактан алганда жашоо циклинин этабы, бирок, анын конкреттүү жаш курак рамкасы, социалдык статусу, соцалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрү, социалдык-тарыхый шартка ээ болуп, ал коомдук түзүлүштөн маданий жана ошол коомго таандык болгон соцалдашуу закон ченемдүүлүгүнөн көз каранды", – деп айтылат [1].

Бугүнкү күндө окумуштуулар жаштарды – коомдун, социалдык-демографиялык тобу катары аныкташат. Бул өзгөчө социалдык абалдын жана тигил же бул социалдык-психологиялык сапаты менен ошондой эле социалдык-экономикалык маданий өнүгүүсүнө, социалдашуунун өзгөчөлүктөрүнө негизделет.

"Жаштардын социологиясы" деген В.Т. Литовскийдин китебинде жаштардын маселеси эки топко бөлүнөт.

1) Алгачкы маселелерине: жаштарды коомдун мүчөсү же тобу катары алардын негизин аныктоо, алардын коомду жаратуудагы жаштардын орду же ролу, жаш курак чегине келтирилген сын көз караштар,суроо-талаптар, жаш муундун ишмердүүлүгүн, жөндөмдүүлүгүн, жаштардын социалдашуу процессиндеги спецификасын изилдөө, алардын социалдык-профессионалдык арентациясын жана ээ болгон кесиптерине адаптациясын, формалдуу эмес бирикмелерде жана жаштар кыймылындагы ишмердүүлүктөрүнүн социалдык аспектилерине анализ берүү.

2) Кийинки маселелердин тобуна жалпы социалдык маселелерден болуп, түздөн-түз жаштарга байланышы бар болгон (билим алуу, үй-бүлө, үй-бүлө куруу ж.б. ) же болбосо жеке жаштардын тарбия

өзгөчөлүгүнө, анын ар кандай кырдаалдагы эффективдүүлүгү, жаштардын саясий жана социалдык активдүүлүгүнүн өнүгүшү, ошондой эле бийлик түзүмдөрүндөгү жаштардын орду кирет [2].

Жаштык – бул келечекке карай жол. Келечектин алдыга күткөнү жаштардын келечекке койгон максаттары. Ошондуктан "Жаштар – биздин келечек", – деп бекеринен айтылбаса керек.

Жаштар дегеле адамзат баласы жашоосунун эртеңкиси, бир айдан кийинкиси же жылдан кийинки жашоосунакөз чаптырып көрө алган болсо,анда бары башкача болмок[1].

Жаштар – булар объективдүү коомдун спецификалык чоң жаш курак подгруппасы. Тагыраак айтканда жаштар – коомдун ажырагыс бир бөлүгү. Ошондуктан жаштардын кайсы коомдо, кандай шартта жашап жатканын түшүнбөй туруп, жаштардын спецификалык маселелерин түшүнүү өтө эле оор. Башкача айтканда бүгүнкү күндөгү жаштардын коомун, алардын бүгүнкү күндө жаралып жаткан маселелерин, көз караштарын, карама-каршылыгын түшүнбөй туруп, алдыдыгы күтүп турган келечекти аңдап билүү кыйынга турат.

Коомдук маселердин көбүнесе башталышы жаштардан чыгат да, ушул мааниде жаштар маселесине айланат. Маселен, биздин коомдо жаралып жаткан жумушсуздук, жаштар арасындагы кылмыштуулуктун күч алышы, зордук-зомбулук иштердеги жаштардын катышы, диний агымдарга, ар кандай улуттар аралык чыр-чатактардын жаштар арасында чыгуусу ж.б.дагы толгон-токой жаштар арасында жаралган маселелер. Ушул мааниде алганда жаштарды коомдон сырткары кароо абстрактуу болуп саналат. Мына ушунун негизинде буга чейин кеңири таралып келген жаңылыштык оркоюп чыга келет. Ал – дайыма колдонулуп келген: "жаштардын өзгөчө деле маселеси жок, коомдо болуп келген маселелер бар жана аны чечүү менен жаштар маселесин да чечебиз", –деген көз караш[3].

Чындыгында эле жаштар – кандай шартта жашап жаткан социалдык чындыктын күзгүсү. Эгерде жашап жаткан коомдо жаштар арасында жаралган жаман көрүнүштөргө жол берилип, жаштар арасында ар кандай курч маселелер жарала турган болсо, бул биринчи кезекте эле социалдык коомдун түздөн-түз "күнөөсү". Аны кайдигер таштабай жакшылап анализдеп чечүү керек. Бүгүнкү күндөгү Кыргызстан тандап алган совет доорунан кийинки өнүгүү жолу социализмден капитализмге, тоталитаризмден демократияга, борборлошкон экономикадан базар экономикасына багыт алган шартта кыргыз коомунун келечегинен толук кабар алуу мүмкүн эмес.

Башкача айтканда "Биз кайда баратабыз?", – деген суроого жоопту мезгилдин өтүшү менен кырдаалдын өзгөрүшүнөн кийин гана жообу ачыкка чыгат. Маселен, азыр кыргыз жаштар арасындагы көп маалыматтуулук, же тескерисинче так маалыматтарды ала албагандыгы менен катар жаралып жаткан дүйнөгө болгон кыргыз жаштарынын көз караштары (батыш-чыгыш маселеси, улуттук баалуулуктар, патриоттуулук, ар улуттун өкүлүнө болгон сый-урмат көрсөтүү, улуттар аралык арыздашуулар, ж.б.) , диний курч маселелер (эктримизм ж.б.) азыр социалдык түйүндөрдө кеңири талкуу жаратып, жаштардын бүйүрүн кызытып жаткан учур. Мунун баары эмне менен аяктайт аны мезгил көрсөтөөр.

Жогорудагыдай маселелердин негизи социалдык процесстерде жаштардын мындан ары өнүгүү жолунда төмөнкүдөй суроолорго кептейт.

Бүгүнкү күндүн маселеси болуп келе жаткан – батыш маданияты. Тактап айтканда, батыш коомуна окшошууну каалабасак, анда биз бүгүнкү күндө жаштар арасындагы батыш коому, маданияты тууралуу жаралып жаткан курч маселелерге көңүл бөлүп, анализдеп, тарбиялык жана башка социалдык механизмдердин жардамы менен анын алдын алуу керек.

Эгерде биз тарыхый жактан артка кетенчиктесек, анда анын негативдүү жактарына көз чаптырып, жаштарга тийгизе турган таасирин эске алуубуз керек.

Жаштар – ар кандай класстардын, социалдык катмарлардын, улуттун жана алардын өндүрүшү, мөмөсү.

Жаштар – конкреттүү тарыхый жана тагыраак айтканда тарыхтын жана маданияттын жемиши гана эмес, ошол эле мезгилде коомдун кыймылдаткыч күчү жана өзгөрүүнүн фактору болгон социалдык баалуулук.

Бүгүнкү турмушта илимий-техниканын заманынында жаштардын жаш курак өзгөчөлүгүн таанууда да өзгөрүүлөрдү талап кылып келет.Ошондой эле бүгүнкүнүн талабына зарыл болгон жаштардын руханий жана социалдык өнүгүүсүндө жаштардын жаш курак өзгөчөлүгүн өзгөчө баалуу баскыч катары баалоо болуп эсептелинет. Буга кошумчалап айта турган болсок, жаштар – жаш курактын өнүгүүсүндө даярдоочу гана фаза эмес, бүгүнкү өзгөрүүлөрдүн негизги булагы. Сабаттуу жаштар саясаты – келечекке карай ачылган жол. Сабаттуу жаштар менен иштешүү болгон жерде сөзсүз жаңыча идеялар жаралып, ийгилик жылмаят.

Бүгүнкү күндөгү жаштарга, жаштарды кайсы нукка тарбияланууусуна, алардын башын кошуп коомдун маселеге, саясатка аралаштырууда болгон коомдун көз карашы, мамилеси көзгө илинээрлик байкалбайт. Баса белгилеп айта кетчү нерсе, жаштар – коомдун бүгүнкү менен эртеңкинин кыймылдаткыч күчү, ошондуктан жаштар алып келе турган, коомго бере турган жаңы идеялар, күчтүү энергия, өзгөчө чыгармачылыкта керек болгон жөндөмдүүлүк, коомго чоң өзгөрүүлөрдү киргизүүдө өтө зарыл. Жаштар – зор интелектуалдык-потенциалдын алып жүрүүчүлөрү катары ойдогу жаңы идеяларды киргизүүдө б.а., жаштар табиятынан концерватизм менен өнүгүүдө "токтоп туруунун" каршылашы болгондуктан, идеяларды ишке ашырууда алар "тездетүүчү" да болуп саналат. Негизинен алганда жаштар бүгүнкү күндө жаш курак, б.а. демографиялык гана көрсөткүч эмес, социалдык жана саясий да көрсөткүч.

Жаштыктын жаш курактык баалуулугу бүгүнкү күндө билим алуунун мөөнөтү, кесиптик даярдоонун негизине көз каранды. Адам баласы жаш курагында билим алуусу, иш жасоодо жөндөмү, ыгы жакшы өнүгөт. Улууларга кыйынчылык туудурган тынымсыз билим алуу, мезгил-мезгили менен билим алууда гана эмес, кесиптик ишмердүүлүгүндө жаңылануу жаш куракта жеңилирээк болот.

Жаштар – калктын ден-соолугу бекем деп саналган бөлүгү, бул дегендик, коомдун жашоо кубаты, күч-кубаттын уюткусу, интелектуалдык, физикалык күч-кубаттын оргуштап турган күчү. Бул күч-кубаттан коом жаңыланып, жанданып турат. Жаштар социалдык чөйрөдө бир эле убакта объект да субъект да болуп саналат. Себеби жаштар жашоонун улантуучулары катары, коомдогу мурасталуучу руханий жана материалдык кийин мурастоочу, өнүктүрүүчү катары өзүнө сиңирип алат. А бул болсо, өз кезегинде жаштарды коомдун кыймылдаткыч объектиси, же субъектинин бөлүгү болгон объект катары карагандыгында.

Эгерде коом туруктуу өнүгүүгө алдыга максат койсо, анда жаштарды турмушта өнүгүүгө тарбиялап, жаштардын ар тараптан өнүгүүсүнө кам көрүүсү керек. Ал эми өз мезгилиндежаштар социалдык объект болуп, коомдогу жакшы жаңы идеялардын демилгечиси болуусу керек. Бирок бүгүнкү күндө жаштар өз алдынчалыкка ээ болуп, өз алдынча чечимдерди кабыл алууда алсыз болуп келет. Социалдык өз алдынча топ катары жаштар дайыма өсүп өнүгүүдө болуп, таанып билүүчүдөн тажрыйбалуулукка өтүү, т.а., коомдо таасирленүүчү артыкчылыктан таасир берүүчү, өзгөртүүчүсапатка ээ болуп, ишмердүлүккө өтөт. Жаштардын жетилип өсүүсүнүн мааниси ушунда. Жаштар коомдо толугу менен өзүнүн максат-милдеттерин, өзүн таанып, социалдык мамилелердин бардыгына ээ болуп, өзү жашаган коомго таандык болгон, тагыраак айтканда коомдук кыймылдын толугу менен обектиси да субъектиси болгон учурда адам баласы өзүн жаш катары эсептебей калат экен.

Бүгүнкү рынок шартындагы социалдык-экономикалык абалда жаштарга билим берүүдө жана кесиптик даярдоодо гана эмес, социалдык чөйрөдө жаш муунду субъективдүү баскычка чыгаруу, жаштардын өз алдынча өнүгүүсүндө, өзүн-өзү өстүрүүсүндө социалдык активдүүлүгүн, жоопкерчилигин жогорулатууда коомдун башка мүчөлөрү да өзүнүн чоң салымын кошуусу керек.

**Адабияттар**

1. Социология молодежи. Под.ред. В.Т. Лисовского. Изд-во СПбГУ. 1996.
2. Никольский Д. Социология молодежи (Молодежная экстримизм и молодежная субкультура) http: romic/0703/ htm.
3. Молодеж и демократизация советского общества: социологический анализ. Под.ред. С.А. Шавеля, О.Т. Манаева. – Минск. Наука, 1990.

**Baktygulova Aizhan,**
**postgraduate student of1 courseof**
**Kyrgyz state University named after I. Arabaev**

## Youth as the initiator in society

*This article gives social analysis to the question Who is the youth in society? And talking about their role and place in society and their impact to society.The purpose of this article is that stressing the role and place of youth in society, to raise the responsibility and activity of youth.*

***Key words:****youth, society, sociology, age, future, education.*